**Компаньон Банкынын кардарлары үчүн эл аралык акча которуулар боюнча акция**

# “Компаньон Банкы менен кышкы эс алуу”

| АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ШАРТТАРЫ | | |
|---|---|---|
| 1 | **Акциянын уюштуруучусу** | **“Компаньон Банкы” ЖАК (кийинкиде Банк)** |
| 2 | **Акциянын мөөнөтү** | Акциянын башталуу мөөнөтү: 01-октября 2025-ж.<br>Акциянын аяктоо мөөнөтү: 31-сентябрь 2025-ж.<br><br>**Аралык этаптар:**<br>1-этап: 01.10.2025-ж. баштап 31.10.2025-ж. чейин<br>2-этап: 01.11.2025-ж. баштап 30.11.2025-ж. чейин<br>3-этап: 01.12.2025-ж. баштап 31.12.2025-ж. чейин<br><br>**Акциянын финалдык этабы:**<br>01.10.2025-ж. баштап 31.12.2025-ж. чейин акциянын бүткүл мөөнөтү боюнча жыйынтык чыгарылат. |
| 3 | **Байге фонду жана байгелүү орундар** | Ар бир 3 (үч) аралык этабында Артыкчылык Акциясынын жеңүүчүлөрү аныкталат — Банк филиалдарынын ар биринде эң жогорку (максималдуу) көлөмдө (суммада) алынган жана/же жөнөтүлгөн акча которуулары бар 3 (үч) кардар.<br>Финалдык 3 (үч) жеңүүчү жалпы Акция мезгилинде жөнөтүлгөн жана/же алынган эл аралык акча которууларынын эң жогорку (максималдуу) көлөмү (суммасы) боюнча аныкталат — ар бир филиалдык топтон бирден жеңүүчү.<br><br>**Филиалдардын 1-тобу:**<br>• Жалал-Абад филиалы<br>• Кадамжай филиалы<br>• Бишкек филиалы<br>• Өзгөн филиалы<br>• Ош-Датка филиалы<br>• Ош филиалы<br><br>**Филиалдардын 2-тобу:**<br>• Борбордук филиал<br>• Ноокен филиалы<br>• Кербен филиалы<br>• Чүй филиалы<br>• Раззаков филиалы<br>• Каракол филиалы<br><br>**Филиалдардын 3-тобу:**<br>• Токмок филиалы<br>• Токтогул филиалы |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Талас филиалы<br>• Бишкек-Түштүк филиалы<br>• Балыкчы филиалы<br>• Нарын филиалы<br><br>Төртүнчү финалдык жеңүүчү Акциянын жалпы мезгилинде «Компаньон» мобилдик тиркемеси аркылуу жөнөтүлгөн жана/же алынган эл аралык акча которууларынын эң жогорку (максималдуу) көлөмү (суммасы) боюнча аныкталат.<br>**1-, 2-, 3-ЭТАПТАРДЫН жеңүүчүлөрү төмөнкү сыйлыктарды алышат:**<br>• 1-орун — 40 000 (кырк миң) сом<br>• 2-орун — 30 000 (отуз миң) сом<br>• 3-орун — 20 000 (жыйырма миң) сом<br>Финалдык этаптагы төрт жеңүүчү — эң жогорку көлөмдөгү которууларды жөнөткөн жана/же алган катышуучулар — башкы сыйлыкка ээ болушат: эки кишиге арналган Таиландга жолдомо.<br>Бардык салыктарды Акциянын уюштуруучусу төлөйт.<br>Финалдык жеңүүчү бир гана категорияда аныкталат — же «Компаньон» мобилдик тиркемеси аркылуу, же Банк филиалдары аркылуу.<br>Эгерде катышуучу мобилдик тиркеме аркылуу онлайн-категориянын жеңүүчүсү болсо, ал Банк филиалындагы ошол эле категориянын жеңүүчүсү боло албайт.<br>Акциянын бардык шарттарын аткарган кардар аралык этаптын жеңүүчүсү болгондо, бул наамга бир гана жолу ээ боло алат. |
| **4** | **Акциянын түрү** | Акция стимул берүүчү лотерея болуп эсептелинбейт. Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустук принциби четке кагылган. |
| **5** | **Акциянын катышуучулар ы** | Акцияга ким катыша алат?<br>• Банктын кардары болгон жана жашы 16 жеткен физикалык жактар, Кыргызстандан жарандары жана резидент эмес жактар.<br>Акцияга ким катыша албайт:<br>• Банктын Агенттери, кызматкерлери жана алардын жакын тууганадары (жубайлары, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, толук жана жарым бир туугандар, чоң ата, чоң эне, неберелер). |
| **6** | **Акцияны өткөрүү боюнча көзөмөл комиссия** | **Акция өткөрүүнү көзөмөлдөө жана Акциянын жыйынтыктарын аныктоо максатында Банк тарабынан Комиссия түзүлөт. Анын курамына Банк Башкармалыгынын бир же бир нече мүчөсү кирет.** |

**КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО**

| | | |
|---|---|---|
| **7** | **Акцияга катышкан акча которуулардын түрлөрү** | **Акциянын катышуучуларына төмөнкү жолдор аркылуу акча которууларды алуу жана/же жиберүү керек:**<br><br>**1) төмөнкү эл аралык акча которуу системалары аркылуу:**<br>✓ **Золотая Корона**<br>✓ **Астрасенд**<br>✓ **Western Union**<br>✓ **Sendy**<br>✓ **RIA**<br>✓ **Квикпей**<br>✓ **Ria Money Transfer**<br>✓ **transfer Go**<br>✓ **БЭСТ**<br>✓ **Granat**<br>✓ **Money Gram**<br>✓ **Kaspi.kz.**<br><br>**2) каалаган жеткиликтүү акча которуу системалары аркылуу “Компаньон” тиркемесине жана Компаньон Банкы чыгарган Элкарт, Visa карталарына.**<br><br>**Көңүл буруңуз! Акция учурунда акча которуулардын жалпы минималдык суммасы 100 000 сомдон же бул сумманын чет өлкөлүк валюта менен эквивалентинен өйдө болушу керек.**<br><br>• Кыргыз Республикасынын ичинде жүргүзүлгөн акча которуулар Акцияга катышпайт жана Акцияда эсептелинбейт.<br>• Банк эл аралык акча которуулар системасы менен иштеп баштаган учурда бул системалар аркылуу жүргүзүлгөн акча которуулар автоматтык түрдө Акциянын катышуучусу болуп эсептелинет.<br>• Артка кайтарылган акча которуулар Акцияга катышуудан четтетилет. |
| **8** | **Акциянын шарттары** | • Акциянын катышуучусу болуу үчүн эл аралык акча которуу системалары аркылуу акча жөнөтүп жана/же алуу керек (Компаньон Банкынын кеңселеринде).<br>• Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо “Компаньон Банкы” ЖАКнун бир эле филиалында алынган/жөнөтүлгөн бардык акча которуулар бириктирилет.<br>• Акча которуулар бардык валютада жүргүзүлө алат. Жеңүүчүнү аныктоодо эсептөө которууну жөнөтүү/алуу күнүндө КР Улуттук банкынын курсу боюнча жүргүзүлөт. |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | **Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлер** | • **Жеңүүчү болуп акча которуулардын көлөмү (суммасы) эң көп болгон кардар табылат**.<br>• Бир нече филиалда жеңүүчү болуп табылган кардар акча которууларды эң көп жүргүзгөн филиалда жеңүүчү болуп табылат. Эгерде акча которуулардын саны бирдей болсо, анда эң көп көлөмдөгү операция жүргүзгөн филиалда жеңүүчү болуп эсептелинет.<br>• Эгер кардар кеңседе жүргүзгөн офлайн акча которуулары үчүн дагы, "Компаньон" тиркемесинде жүргүзүлгөн онлайн акча которуулары үчүн дагы байгелүү орунга ээ болсо, анда кайсы жерде ээлеген орду өйдөрөөк болсо, ошол жерде жеңүүчү болуп табылат.<br>• Эгер бир байгелүү орунга 2 жана андан көп кардар талапкер болсо, анда жеңүүчү катары операциялардын көлөмү эң көп болгон катышуучу таанылат.<br>• Эгерде бирдей көлөмдөгү которууларды алган/жөнөткөн жеңүүчүлөр аныкталса, анда мезгил ичинде эң көп которуу жасаган Катышуучу жеңүүчү болот.<br>• Акция катышуучусунун которууларынын жалпы көлөмү чет элдик валюталардагы сумманы которуу алынган/жөнөтүлгөн күндөгү Улуттук банктын курсу боюнча улуттук валютага (сом) айландыруу жолу менен аныкталат.<br>• Эгерде шек туудурган, алдамчылыкка байланышкан же мыйзамсыз операциялар аныкталса, Банк мындай которууларды жана/же катышуучуну Акциядан чыгарууга укуктуу. |
| **АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ** | | |
| 10 | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | • Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо Акциянын жыйынтыгы Банктын www.kompanion.kg расмий сайтында чыгарылгандан кийин 10 күндүн ичинде өтөт.<br>• Акциянын жеңүүчүсүнө белектин ордуна белектин баасына татыган акча берилиши мүмкүн эмес. Белектер башка мүлккө жана кызматка алмаштырылбайт.<br>• Эгерде Акциянын жеңүүчүсү сыйлоо аземине катыша албаса, Акциянын жыйынтыгы жарыяланган убактан тарта 30 (отуз) календарлык күндүн ичинде белегин Банктын филиалынан же сберкассадан алып кете алат.<br>• Эгер Акциянын жеңүүчүсү 30 күндүн ичинде Банктын филиалына же сберкассага кайрылбаса, анда Акциядан четтетилет жана андан кийинки турган катышуучу Акциянын жаңы жеңүүчүсү болуп табылат.<br>• Бардык байгелер жарактуу КР жаранынын же чет өлкөлүк жарандын паспорту болгон учурда гана берилет. |

| | | |
|---|---|---|
| **11** | **Акциянын жыйынтыгы жөнүндө катышуучуларды маалымдоо** | • Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Акциянын жыйынтыгы чыгарылгандан кийин 10 (он) иш күндүн ичинде «Компаньон Банкы» ЖАКынын www.kompanion.kg расмий сайтында жарыяланат.<br><br>• Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары жөнүндө, байгени тапшыруу аземинин күнү жана орду жөнүндө, акча которууну кабыл алуу/жөнөтүү учурунда кардардын Банктын маалыматына киргизилген байланыш телефону боюнча жыйынтыктар расмий жарыялангандан кийин 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде түздөн-түз маалымдайт. |
| **АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ТАРАТУУ** | | |
| **12** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, жарыялары, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br><br>• Банктын расмий веб-сайты www.kompanion.kg;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий интернет-аккаунттары (Facebook, Instagram);<br>• Маалыматтык-көңүл ачуу интернет-сайттары жана Банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы интернет-аккаунттары;<br>• Башка бардык маалымат каражаттары.<br><br>**Суроолор боюнча Кардарларды колдоо кызматынын номерлерине кайрылса болот: 0312 33 88 00, 88.00.** |
| **13** | **Акция жөнүндө макалалар** | Акцияга катышкан кардарлар алар утушка ээ болгон учурда, Банкка Банктын расмий сайтында, социалдык тармактарда жана Интернеттеги башка булактарда, жалпыга маалымдоо каражаттарында төмөнкү маалыматтарды жарыялоого укук беришет: Кардардын толук аты-жөнү, байгенин орду, суммасы жана/же байгенин түрү, сүрөтү. |

*** «Компаньон Банкы» ЖАК 18 филиалынын тизмеси**

**Ошондой эле филиалдардын жана бардык сактык кассаларынын тизмеси менен Банктын www.kompanion.kg расмий сайтынан таанышса болот.**

| № т/т | Филиалдын толук аталышы | Дареги |
|---|---|---|
| 1 | Нарын филиалы | Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Нарын шаары, Кулумбаев көчөсү, № 17А |
| 2 | Жалал-Абад филиалы | Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Жалал-Абад шаары, Токтогул көчөсү, № 40 |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Каракол филиалы | Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Каракол шаары, Орозов көчөсү, № 10 |
| 4 | Балыкчы филиалы | Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Балыкчы шаары, Курмашев көчөсү, № 59/61 |
| 5 | Ош филиалы | Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү, №224А/1. |
| 6 | Кадамжай филиалы | Дареги: Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кадамжай району, Кадамжай шаары, Орозбеков көчөсү, №102б. |
| 7 | Талас филиалы | Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Талас шаары, Ч. Айтматов көчөсү, №2А. |
| 8 | Чүй филиалы | Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Жайыл району, Кара-Балта шаары, Кожомбердиев көчөсү, №123а. |
| 9 | Кербен филиалы | Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Аксы району, Кербен шаары, Үмөталиев көчөсү, үй номери жок |
| 10 | Өзгөн филиалы | Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Өзгөн шаары, Манас көчөсү, №32А, батир №26А |
| 11 | Исфана филиалы | Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Лейлек району, Раззаков шаары, И.Раззаков көчөсү, үйдүн номери жок. |
| 12 | Токтогул филиалы | Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Токтогул району, Токтогул шаары, Малгараев көчөсү, №1 |
| 13 | Токмок филиалы | Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Токмок шаары, Султан Ибраимов көчөсү, №66 |
| 14 | Ноокен филиалы | Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Ноокен району, Кочкор-Ата шаары, Гагарин көчөсү, үйдүн номери жок |
| 15 | Бишкек филиалы | Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев көчөсү, №248А. |
| 16 | Борбордук филиал | Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көчөсү, №170/1. |
| 17 | «Ош-Датка» филиалы | Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Ош шаары, Масалиев проспекти, үйдүн номери жок |
| 18 | «Бишкек-Түштүк» филиалы | «Космопарк» СК: Бишкек ш., Юнусалиев көчөсү, 7/1 |